# «БАКАЙ БАНК» ААКтын Корпоративдик башкаруу кодекси

## Мазмуну

1. Жалпы жоболор ....1
2. Банктын акционерлери жана акционерлер жыйыны ....2
3. Банктын Директорлор кеңеши ....3
4. Корпоративдик катчы ....3
5. Шариат кеңеши ....4
6. Банктын Башкармасы ....4
7. Банкта ички конртоль жана тобокелдиктерди тескөө системасын уюштуруу ....5
8. Маалыматты ачыктоо жана Банкты башкаруунун ачыктыгы ....6
9. Олуттуу корпоративдик аракеттер ....7
10. Кесипкөйлүк этика жана кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо ....7
11. Банктын туруктуу өнүгүүсү ....7
12. Корутунду жоболор ....8

## 1. Жалпы жоболор

1. Корпоративдик башкаруунун жогорку стандарттарына маанилүү экендигин таануу жана ага жетишүү максатында, банктын туруктуу өнүгүүсүн камсыздоо үчүн, ошондой эле банктын акционерлеринин, кредиторлорунун, аманатчыларынын жана башка кардарларынын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын камсыздоо өтө маанилүү экендигин түшүнүү менен, "БАКАЙ БАНК" ААК (мындан ары – Банк") ушул Корпоративдик башкаруу кодексин иштеп чыкты (мындан ары – Кодекс), аталган Кодексте Банктагы колдонуудагы корпоративдик башкаруу системасынын өзөгүн түзгөн негизги ыкмалар жана багыттар, ошондой эле корпоративдик мамилелердин тартибин белгилөөчү жана жөнгө салуучу, эркин кабыл алынуучу стандарттар топтолду.

2. Ушул Кодекс Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндөгү", "Банктан жана банк иши жөнүндөгү", "Акционердик коомдор жөнүндөгү" мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларына (мындан ары КРУБдун ЧУА), Банктын ички ченемдик документтерине ылайык иштелип чыкты, ошондой эле Банктык көзөмөл боюнча Базель комитетинин сунуштары, корпоративдик башкаруунун эл аралык тажрыйбасы, этикалык ченемдер, Банктын муктаждыктары жана иштөө шарттары эске алынды.

3. Кодекс Банк тарабынан Банктын бардык акционерлеринин, кредиторлорунун, аманатчыларынын жана кардарларынын мыйзамдуу укуктарынын жана кызыкчылыктарынын натыйжалуу корголушун, аларга адилеттүү мамиле жасалышын, Директорлор кеңешинин, Башкарманын жана Шариат кеңешинин мүчөлөрүнүн, ошондой эле Банктын башка кызмат адамдарынын жана кызматкерлеринин чечимдеринин ачык кабыл алынышын, маалыматтардын ачыктыгынын кеңейтилишин, кесипкөйлүк жана этикалык жоопкерчиликтерин, социалдык жана экологиялык жоопкерчиликтерин, иштиктүү жана кесипкөйлүк этика ченемдеринин системасын өнүгүүсүн камсыздоого багытталган

4. Банктын акционерлеринин, Директорлор кеңешинин, Башкармасынын, Шариат кеңешинин ортосунда Банкты узак мөөнөттүү, туруктуу өнүктүрүү максатында анын ишмердигин башкарууну жана контроль жүргүзүүнү камсыздай турган корпоративдик чечимдерди кабыл алуу эрежелерин жана жол-жоболорун белгилей турган өз ара мамилелер системасы Банкта корпоративдик башкаруу катары кабыл алынат.

5. Банкта корпоративдик башкаруунун негизги учурлары болуп төмөнкүлөр эсептелет:
– Банктын ишмердигиндеги стратегияны жана негизги багыттарды, аларга жетишүү жолдорун жана коюлган максаттарга жетүүнү контролдоону аныктоо;
– Банктын туруктуулугунун максаттуу финансылык көрсөткүчтөрүн белгилөө;
– Банктын башкаруу органдары жана кызматкерлери тарабынан Банктын ишмердигинде стратегиялык максаттарга жетүү үчүн бардык аракеттердин аткарылышын камсыздай турган эмгекке шыктандырууну түзүү;
– Банктын акционерлеринин, кредиторлорунун, аманатчыларынын кызыкчылыктарынын тең салмактуулугун сактоо менен Банктын туруктуу өнүгүүсүнө жетишүү;
– Кыргыз Республикасынын (мындан ары – КР) мыйзамдарынын, ошондой эле Банктын ички ченемдик документтеринин (мындан ары – Банктын ИЧД) сакталышын камсыздоо
6. Банк натыйжалуу корпоративдик башкаруунунун төмөнкүдөй негизги принциптерин аныктаган:
– Банкты натыйжалуу башкарууну уюштуруу үчүн Банктын башкаруу органдарынын жана аткаруу органдарынын ортосунда ыйгарым укуктарды жана жоопкерчиликти бөлүштүрүү;
– Директорлор кеңешинин натыйжалуу жана ачык ишмердиги;
– аткаруу органдарынын отчеттуулугу жана контролго алынышы;
– Банктын Башкармасын жана негизги кызматкерлерин сыйлоо системасынын ачыктыгын жана тең салмактуулугун камсыздоо;
– корпоративдик маданияттын жана кесиптик этиканын стандарттарын аныктоо жана сактоо;
– Анык маалыматты жеткиликтүү жана ачык кылуу менен Банктын ишмердигинин маалыматтык ачыктыгын камсыздоо;
– ички контролдун жана башкаруу тобокелдигинин натыйжалуу системасын аныктоо;
– туруктуу өнүгүүнүн эл аралык стандарттарын жана принциптерин, ESG-принциптерин сактоо;
7. Банктын корпоративдик башкаруу органдары өз ишмердигин КР колдонуудагы мыйзамдарынын, КРУБдун ченемдик укуктук актыларынын, Банктын Уставынын жана ИЧДсынын негизинде жүргүзүшөт.
8. Банк талдоочулук, маалымдамалык, маалымкаттык материалдарды жана сунуштамаларды даярдоо үчүн кеңешчилерди жана консультанттарды (адистерди, эксперттерди ж.б.) тартууга укуктуу. Банк кеңешчилерди жана консультанттарды тартууда КР колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарын, ошондой эле "Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын корпоративдик башкаруу кодексине карата минималдык талаптар жөнүндөг" жобонун талаптарын жетекчиликке алууга милдеттүү.

## 2. Банктын акционерлери жана акционерлер жыйыны

9. Акционерлердин жалпы жыйыны (мындан ары – АЖЖ) Банктын жогорку башкаруу органы болуп саналат.
10. Акционерлер Банктын акцияларынын ээлери болуу менен Банкка карата укуктардын топтомуна ээлик кылышат, Банктын Директорлор кеңеши жана Башкармасы ал укуктарды коргоого милдеттүү.
11. Банктын акционерлери Банктын коопсуз жана ишенимдүү ишмердик жүргүзүүсү үчүн өздөрүнүн укуктарын жана милдеттерин ак ниеттүүлүк жана жөн билгилик менен ишке ашырууга милдеттүү.
12. Банктын акционерлери акционерлердин жалпы жыйында Банктын ишмердигиндеги маанилүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу менен Банкты башкарууга катышууда өзгөчө укуктарга ээ.
13. Кайсы болбосун акционер же анын өкүлү өзүнүн пикирин айтууга жана өзүн кызыктырган суроолорду Башкарманын Төрагасына жана Директорлор кеңешинин мүчөлөрүнө, ошондой эле тышкы аудитордук компаниянын жетекчисине берүүгө укуктуу.
14. Акционерлердин аракети же аракетсиздиги Банктын кардарларынын укуктарынын бузулушуна жана башка акционерлерге зыян алып келбеши керек.

15. Банктын акцинерлеринин өзгөчө ыйгарым укуктарына кирген маселелер, ошондой эле акционерлердин кезектеги жана кезексиз жыйындарын өткөрүү процесси КР мыйзамары жана Банктын Уставы аркылуу аныкталган. Банктын акционерлеринин өзгөчө ыйгарым укуктарына кирген маселелер Банктын башка башкаруу органдарынын кароосуна өткөрүп берилиши мүмкүн эмес.
16. Директорлор кеңеши акционерлердин жалпы жыйынына даярдануу мезгилинде күндүн тартиби маселелери боюнча материалдарга акционерлердин жеткиликтүүлүгүн камсыздоочу техникалык шарттарды жана зарыл болгон уюштуруучулук шарттарды түзүп берүүсү керек.
17. Банктын акционерлерине дивиденддерди төлөп берүү КР колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына, “БАКАЙ БАНК” ААКтын Дивиденддик саясатына ылайык, акционерлердин жалпы жыйынынын тиешелүү чечиминин негизинде ишке ашырылат.
18. Дивиденддерди төлөө экономикалык жактан негиздүү болуп, Банктын туруктуулугуна жана төлөм жөндөмдүүлүгүнө терс таасир этпеши керек. Жылдык дивиденддердин өлчөмү тууралуу чечим кабыл алуу учурунда Банктын аяктап жаткан финансылык жылдагы алган таза пайдасы, бизнес-план (стратегия), Банктын финансылык планы, капиталдык коротуулардын планы жана алардын Банктын таза пайдасына карата катыштыгы эске алынат.
19. Банктын акционерлери төлөнүүчү дивиденддердин өлчөмү жөнүндөгү чечимди кабыл алууда Банктын узак мөөнөттүү өнүгүү артыкчылыгын, капиталды ар дайым көбөйтүүнү жана Банктын өнүгүүсүнүн стратегиялык пландарын эске алышы керек.

## 3. Банктын Директорлор кеңеши

20. Директорлор кеңеши (мындан ары – ДК) Банктын коллегиалдуу башкаруу органы болуп саналат, акционерлердин жалпы жыйындарынын ортосундагы мезгилде Банктын ишмердигине жалпысынан жетекчилик кылат (КР мыйзамдары жана Банктын Уставы аркылуу акционерлердин жалпы жыйынынын компетенциясына кирген маселелерден тышкары).
21. Банктын Директорлор кеңеши банкка стратегиялык башкаруу жүргүзүшөт, Банкта тобокелдиктерди башкаруу жана ички контроль системасынын негизги принциптерин аныктайт, ошондой эле башка негизги функцияларды ишке ашырат.
22. Акционерлердин жалпы жыйынынын чечимдеринин аткарылышын контролдоо жана Банкты башкаруу аркылуу Банктын бардык акционерлеринин укуктарынын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын корголушун камсыздоо - ДКнын негизги милдети болуп саналат.
23. ДК мүчөлөрү КР мыйзамдарында, Банктын Уставында жана ички ченемдик документтеринде каралган өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу үчүн Банктын Башкармасынан, Аудит боюнча комитетинен жана башка комитеттеринен, ички аудит бөлүмүнөн, тобокелдик-менеджмент, комплаенс-контроль бөлүмчөлөрүнөн, ошондой эле Банктын кызмат адамдарынан, обочолонгон түзүмдүк бөлүмчөлөрдүн жетекчилеринен Банктын финансылык-чарбалык ишмердиги жөнүндө маалыматтарды сурам кылууга жана алып турууга укуктуу.
24. ДКнын жеке курамы анын мүчөлөрүнүн жаш курагы жана гендердик курамы, жөндөмдөрү, тажрыйбасы, жеке мүнөздөмөлөрү боюнча тең салмактуулукту сактоо менен түзүлөт. Алардын ар биринин ой жүгүртүүсүнүн көз карандуулугу, банктын жана акционерлердин кызыкчылыктарында ДК тарабынан көз карандысыз, объективдүү жана натыйжалуу чечимдердин кабыл алынышы камсыздалышы керек.
25. ДК курамын түзүү, анын мүчөлөрүн тандоо жана алардын ыйгарым укуктарын токтотуу тартиби, ДК мүчөлөрүнүн функциялары жана алардын алдына коюлган тапшырмалары, ошондой эле алардын милдеттери жана жоопкерчилиги КР мыйзамдары, Банктын Уставы жана “БАКАЙ БАНК” ААКтын Директорлор кеңеши жөнүндөгү жобо аркылуу аныкталат.

## 4. Корпоративдик катчы

26. Корпоративдик катчы акционерлердин жалпы жыйынынын, Банктын Директорлор кеңешинин жана Башкармасынын күнүмдүк натыйжалуу өз ара аракеттенүүлөрүн жана

алардын ортосундагы иштерди уюштурууну (отурумдар жана иш кагаздары) камсыздоочу, ошондой эле акционерлердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо жаатында Банктын аракеттерин координациялоочу кызмат адамы болуп саналат.
27. Банктын Директорлор кеңешинин ишинин натыйжалуулугу көп учурда алардын маалыматтарды сапаттуу жана өз учурунда алып туруусунан көз каранды. Корпоративдик катчы ДК отурумдарынын күн тартибин уюштуруу менен талкууга маанилүү маселелердин алынып чыгышын эле эмес, Банктын ДК мүчөлөрүнө толук маалыматтарды камтыган материалдардын өз учурунда берилишин камсыз кылат, ошондой эле акционерлердин жалпы жыйынынын жана Банктын Директорлор кеңешинин чечимдеринин аткарылышына мониторинг жүргүзүп турат.
28. Корпоративдик катчы өзүнө жүктөлгөн милдеттерди талаптагыдай аткаруу үчүн жетиштүү деңгээлдеги билимге, тажрыйбага жана квалификацияга, ошондой эле Банктын акционерлеринин ишенимине ээ болушу керек. Алдыга коюлган милдеттерди аткаруу үчүн тиешелүү ыйгарым укуктарга жана ресурстарга ээ болуусу керек. КР колдонуудагы мыйзамдарында жана кызматтык нускамасында каралган функционалдык милдеттерин аткаруу менен Банктын кызыкчылыгы үчүн ак ниеттүүлүк менен аракеттенүүгө милдеттүү.
29. Корпоративдик катчы өз милдеттерин КР мыйзамдарына, “БАКАЙ БАНК” ААКтын Директорлор кеңеши жөнүндөгү жобосуна, “БАКАЙ БАНК” ААКтын Директорлор кеңешинин Катчысы жөнүндөгү жобого жана “БАКАЙ БАНК” ААКтын Корпоративдик катчысынын кызматтык нускамасына ылайык аткарат.

## 5. Шариат кеңеши

30. Банктын Шариат кеңеши Банкта банк ишинин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашыруу үчүн шарттарды түзүү максатында түзүлгөн жана Банктын ички ченемдик документтери, типтүү келишимдери, ислам финансылык кызматтарды көрсөтүү менен байланышкан бүтүмдөрдүн жана продуктулардын шарттары Шариат стандарттарына дал келүүсү үчүн жооптуу болуп саналган, туруктуу иш алып баруучу коллегиалдык орган болуп саналат.
31. Шариат кеңешинин мүчөлөрү бир эле учурда бир коммерциялык банктын жана КР аймагында катталган эки банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдардын Шариат кеңешине мүчө боло алышат.
32. “БАКАЙ БАНК” ААКтын Шариат кеңеши жөнүндөгү жобо КР мыйзамдарында, КРУБдун ченемдик укуктук актыларында, Ислам финансылык мекемелери үчүн бухгалтердик эсеп жана аудит уюштуурунун Шариаттык стандарттарында (мындан ары - AAOIFI), Банктын Уставында каралгандай, Шариат кеңешинин укуктук макамын, максатын, курамын, ыйгарым укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин, аны түзүү тартибин, иштөө жана чечимдерди кабыл алуу тартибин аныктайт.
33. Банктын Шариат кеңеши билим берүү семинарларын уюштуруу аркылуу Банкта ислам банк иши жана каржылоо принциптерин жана стандарттарын түшүнүдүрүүнү активдүү жүргүзүүсү керек.

## 6. Банктын Башкармасы

34. Банктын Башкармасы (мындан ары – Башкарма) Банктын коллегиалдык аткаруучу органы болуп саналат. Ал ДКга отчет берет, анын компетенциясына Банктын күнүмдүк ишмердигине жетекчилик кылуу менен байланыштуу болгон маселелер кирет (АЖЖнын жана ДКнын өзгөчө компетенциясына кирген маселелерден тышкары).
35. Башкарма Банктын жыл сайын ДК тарабынан түзүлгөн жана АЖЖ тарабынан бекитилген финансылык пландарына ылайык иш алып барат.
36. Башкарманын мүчөлөрү аларга КР мыйзамдары, КРУБдун ЧУА, Банктын ИЧД тарабынан коюлган талаптарга жооп берип, кесиптик жана адамдык жогорку сапаттарга, кынтыксыз абройго ээ болуулары керек, жогорку этикалык стандарттарды карманып,жеке өзүнүн, айрым акционерлердин, Банктын кызмат адамдарынын же үчүнчү жактардын кызыкчылыгынан Банктын кызыкчылыктарын жогору коюп, коопсуз жана сергек банктык практиканы камсыз кылуу үчүн бардык күчүн жумшоосу керек. Банктын Башкармасы акционерлердин ишенимине ээ болуусу керек.

37. Банктын Башкармасынын Төрагасы жана мүчөлөрү Банктын күнүмдүк ишмердигине жетекчилик кылуудан тышкаркы башка ишмердикти ДКны макулдугусуз жүргүзбөөсү керек. Банкта кызыкчылыктардын кагылышына ээ адамдар Банк Башкармасынын мүчөлөрү боло алышпайт.

38. ДК Банк Башкармасынын сандык курамын анын мүчөлөрүнүн саны жемиштүү, конструктивдүү иш алып барууга, тез жана туура чечимдерди кабыл алууга, ошондой эле Банктын ишмердигин натыйжалуу уюштурууга мүмкүн болгондой аныктайт.

39. Башкарманын курамын түзүү, анын мүчөлөрүн тандоо жана алардын ыйгарым укуктарын токтотуу тартиби, Башкарма мүчөлөрүнүн функциялары жана милдеттери, ошондой эле укуктары жана милдеттенмелери КР мыйзамы, Банктын Уставы жана “БАКАЙ БАНК” ААКтын Башкармасы жөнүндөгү жобо аркылуу аныкталат.

## 7. Банкта ички конртоль жана тобокелдиктерди тескөө системасын уюштуруу

40. ДК Банкта ички контролдун жана тобокелдиктерди тескөөнүн натыйжалуу системасын уюштуруу жана ошол системанын талаптагыдай иштөөсү үчүн жооптуу болуп саналат.

41. ДК Банктын ички контроль жана тобокелдиктерди тескөө системасын уюштуруу жана иштетүү боюнча ички ченемдик документтердин карап чыгат, Банктын жогоруда көрсөтүлгөн системалардын иштөөсү үчүн жооптуу болгон түзүмдүк бөлүмчөлөрүн түзөт, алардын натыйжалуу иш алып баруусу үчүн керектүү болгон уюштуруучлук жана каржылык маселелерди чечет.

42. ДК Банк Башкармасы менен жана анын контролунда болгон түзүмдүк бөлүмчөлөр (Ички аудит департаменти, Тобокелдик-менеджмент департаменти жана Комплаенс-контроль департаменти) менен биргеликте мүчүлүштүктөрдү жана көңүл бурууну талап кылган башка көйгөйлөрдү таап чыгуу жана четтетүү максатында ички контроль системасына маал-маалы менен талдоо жүргүзүп турат. ДК контроль алдындагы бөлүмчөлөр тиешелүү статуска ээ болуусуна, көз карандысыз болуусуна, тиешелүү деңгээлде себилденишине, каржыланышына жана өз милдеттенмелерин натыйжалуу аткарууларына көңүл буру турат.

43. ДКнын Банкта ички контроль жана тобокелдиктерди тескөө боюнча шайкеш системаны уюштуруу жөнүндөгү милдеттенмелери Банктын Уставы аркылуу белгиленген, ал эми ошол функцияны иш жүзүнө ашыруу үчүн колдонула турган усулдар, ыкмалар жана инструменттер КР мыйзамдары жана Банктын ички ченемдик документтери аркылуу бекитилген, алар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт жана алар менен эле чектелбейт:

– ички контроль жана тобокелдиктерди тескөө жаатында саясаттарды (жоболорду) бекитүү;
– Башкармага бекитилген саясаттарга ылайык ички контроль жана тобокелдиктерди тескөө боюнча натыйжалуу системаны уюштуруу жана иштетүү үчүн ДК алдындагы жоопкерчиликти, ошондой системалардагы олуттуу кемчиликтер тууралуу ДКга өз учурунда билдирип туруу милдетин жүктөө;
– Банк үчүн алгылыктуу тобокелдиктердин чондугун белгилөө менен (тобокелдик-табит), Башкарма менен биргеликте тобокелдиктерди баалоо милдети;
– ДКнын тобокелдиктерди тескөө боюнча документтерди бекитүүдө КР мыйзамдарынын, Банктын ички-ченемдик документтеринин жана Уставынын талаптарын сактоо менен, Банктын тобокелдиги жана кирешелүүлүгү ортосундагы оптималдуу тең салмактуулукка жетүүгө, ошондой эле Башкарманын, анын түзүмдүк бөлүмчөлөрүнүн жана негизги кызматкерлеринин ишмердиги үчүн шайкеш стимулдарды иштеп чыгууга умтулуусу;
– тобокелдиктердин тескелиши тууралуу ДК алдында отчет берип туруу жана тобокелдик кырдаал келип чыгышы мүмкүн болгон жагдайлар, же тобокелдик кырдаалдын өзүнүн келип чыккандыгы тууралуу ДКга билдирип туруу боюнча милдеттенмелерди Башкарма үчүн бекитүү

44. Банк Башкармасы контролдук чараларды камсыздоо үчүн ички документтер (саясат, жол-жобо) тууралуу маалыматтарды өздөрүнүн иштөө процессинде колдонушу керек болгон кызматкерлерге өз учурунда билдирип турат жана Банк кызматкерлерине ички

контролдун тиешелүү жол-жоболору боюнча окутууларды өткөрүп турат.
45. Банкта ички контролду уюштуруу алкагында ДК жетекчилиги алдындагы Аудит боюнча комитет, Дайындоолор жана сыйлооло боюнча комитет, Тобокелдиктерди тескөө боюнча комитет иш алып барышат. Ошол комитеттердин ыйыгарым укуктары, функциялары, милдеттери КР колдонуудагы мыйзамдары аркылуу аныкталып, Банктын ички ченемдик документтери менен бекитилген.
46. Банкта ошону менен бирге Активдерди жана пассивдерди башкаруу боюнча комитет, Ислам каржылоо принциптери боюнча комитет, Тендердик комиссия, Инновациялык кеңеш, Бюджеттик комитет иш алып барышат. Бул органдардын функциялары, милдеттери Банктын тиешелүү ички ченемдик документтеринде аныкталган.

## 8. Маалыматты ачыктоо жана Банкты башкаруунун ачыктыгы

47. Банк өзүнүн ишмердигинин маалыматтык ачыктуулугун жогорулатууга умтулат, анын негизин ачыкталуучу маалыматтын толук, ишенимдүү, жеткиликтүү болуусу, ошондой эле аны туруктуу түрдө өз учурунда ачыктап туруу принциптери түзөт.
48. Банкты корпоративдик башкаруу тажрыйбасы Банктын акционерлери жана инвесторлору тарабынан негиздүү чечимдердин кабыл алынышы үчүн, ошондой эле кызыкдар жактарга Банктын ишмердиги тууралуу маалымдоо максатында Банк тууралуу толук жана анык маалымат өз учурунда ачыкталып турушун камсыз кылат.
49. Банк корпоративдик башкаруунун ачыктыгын камсыздоо үчүн өзүнүн расмий сайтында ачыктай алат же КРУБдун ченемдик укуктук актыларында аныкталганга ылайык, корпоративдик башкаруу боюнча маалыматты ар жылдык жана мезгилдик отчеттордо жарыялап турат.
50. Банктын расмий сайтында жарыяланган, Банктын финансылык жана финансылык эмес жылдык отчету маалыматты ачыктоонун маанилүү ыкмасы болуп эсептелет.
51. Банктын расмий сайты финансылык жана финансылык эмес маалыматты ачыктоо үчүн маанилүү инструмент болуп саналат. Расмий сайт маалыматтын туруктуу жана өз учурунда ачыкталып турушун камсыз кылат жана бардык кызыкдар тараптарга тиешелүү маалыматтарга карата чексиз жеткиликтүүлүк берет.
52. Банктын ачыктыгынын жана анын коммерциялык кызыкчылыктарынын ортосундагы акылга сыярлык балансты сактоо менен маалыматты ачыктоо механизмдерин аныктай турган Банктын маалыматтык саясатын иштеп чыгуу, бекитүү жана анын аткарылышын көзөмөлдөө аркылуу ДК Банк тарабынан маалыматтардык ачыкталышына, ошондой эле акционерлерге маалыматтын сунушталышына контроль жүргүзөт.
53. Банктын расмий сайтында Банк жана анын ишмердигинин олуттуу аспекттери тууралуу объективдүү пикирдин жаралышы үчүн жетиштүү болгон маалыматтар жайгаштырылат.
54. Банк маалыматтын туруктуу жана ыкчам ачыкталышын камсыздайт, мунун өзү төмөнкүлөрдү болжолдойт жана алар менен эле чектелип калбайт:
- Банктын бааланышына жана анын баалуу кагаздарынын наркына олуттуу таасир этиши мүмкүн болгон маалыматтарды болушунча кыска мөөнөттө ачыктоо;
- эгерде Банктын баалуу кагаздары чет өлкөдө уюштурулган рыноктордо жүгүртүлсө, олуттуу маалыматты Кыргыз Республикасында жана анын аймагынан тышкары жерде синхрондук ачыктоо;
- Банктын баасы жана анын баалуу кагаздарынын наркы бурмалангандыгы тууралуу пикирге алып келүүчү жана акционерлердин, инвесторлордун кызыкчылыктарын тобокелдикке кептей турган ушактарга же жалган маалыматтарга карата Банктын позициясы тууралу маалыматтарды берүү.

55. Банк тарабынан ачыкталуучу маалыматтардын аныктыгы жана салыштырмалуулугу Банк төмөнкүлөргө умтулгандыгынын эсебинен жетишилет:
- Банк тарабынан сунушталуучу маалымат объективдүү, теңдемделген мүнөздө болуусу. Банк өз ишмердигин жарыялоодо инвесторлор жана акционерлер үчүн олуттуу болуп саналган жагымсыз маалыматтарды жашырбоосу керек;
- финансылык жана башка маалыматты ачыктоодо анын бейтараптуулугу камсыздалышы керек, б.а. ошол маалыматты сунуштоодо кандайдыр бир адамдардын же топтордун кызыкчылыгынан көз каранды болуусу керек.

## 9. Олуттуу корпоративдик аракеттер

56. Банк тарабынан фундаменталдык корпоративдик өзгөрүүлөргө, ошону менен бирге акционерлердин укуктарынын өзгөрүүсүнө алып келүүчү аракеттердин (олуттуу корпораитвдик аракеттердин) жасалышы максималдык түрдө ачык жүгүзүлүп, акционерлердин жана аманатчылардын укуктары корголгон шартта жасалышы керек.

57. Олуттуу корпоративдик аракеттерге биринчи кезекте төмөнкүлөр кирет:

- Банкты кайра түзүмдөштүрүү;
- Банк тарабынан олуттуу бүтүмдөрдүн жасалышы: ири бүтүмдөр жана Банктын жүгүртүүдөгү акцияларынын санын көбөйтүүгө, Банк тарбынан чыгарылган акцияларга листинг жана делистинг жасоо кызыкчылыгын камтыган бүтүмдөр;
- Банктын акционерлерининин же аманатчыларынын абалынын начарлоосун алып келүүчү башка аракеттер.

58. Банктын олуттуу корпоративдик аракеттерди жасоосуна байланыштуу болгон эрежелер жана жол-жоболор ДК тарабынан иштелип чыгып, Банктын ДК же Акционерлердин жалпы жыйыны бекиткен ички ченемдик документтеринде көрсөтүлөт.

59. Банк тарабынан олуттуу бүтүмдөрдүн жүргүзүлүшү Банктын жана анын бардык акционерлеринин кызыкчылыктарынын корголушун камсыздай турган белгилүү шарттарда, адилеттүү нарк боюнча ишке ашырылат.

## 10. Кесипкөйлүк этика жана кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо

60. ДК жана Башкарманын кесипкөйлүк этика стандарттарын орнотууга багытталган ишмердиги Банктын стратегиялык жетишкендиктеринин маанилүү фактору болуп саналат жана корпоративдик башкаруунун төмөнкү аспекттеринин маанилүүлүгүн аныктайт:

1) ички контролдун натыйжалуу системасын камсыздоо, ошону менен бирге Банкты башкаруунун бардык деңгээлинде кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легализациялоого (адалдоого) каршы аракеттенүү маселелери боюнча системаны дагы камсыздоо;
2) коопсуз жана сергек банктык тажрыйбаны ишке ашыруу;
3) Банктын акционерлеринин, кызмат адамдарынын жана Банктын ишмердигине таасир этүү мүмкүндүгү бар башка адамдардын туура эмес жана мыйзамсыз аракеттеринен Банктын кызыкчылыгын коргоо;
4) КР мыйзамдарын, КРУБдун ченемдик укуктук актыларын, Банктын ички ченемдик документтеринин талаптарын сактоо;
5) кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо жана кызыкчылыктардын кагылышы келип чыгышы мүмкүн болгон ишмердик жаатын аныктоо;
6) Банктын ишмердигинин натыйжасын эле эске алуу менен чектелбестен, Банктын стратегиялык максатына ылайык, Банкттын кесипкөйлүк этикасын сакталышын эске алуу менен эмгек акы, сыйакы жана сыйлыктарды төлөөнү белгилөө (ДК жана Башкармага дагы);
7) Банктын кызматкерлерине жана кызмат адамдарына кредит берүүдө Банктын коопсуздук жана ишенимдүүлүк жаатындагы талаптарды сактоо;
8) кызматкерлерге жетекчиликтин мыйзамсыз, этикага жатпаган же күмөндүү аракеттери жөнүндө өздөрүнүн кабатырлануусун билдирүүгө мүмкүндүк берүүчү жана жетекчиликтин жагымсыз реакциясынан коргоону камсыз кылуучу механизмдердин болуусу;

61. Банктын корпоративдик башкаруу деңгээлине жагымдуу таасир этүүчү кесипкөйлүк этика стандарттары бардык кызматкерлерге билдирилет жана бардык деңгээлдерде сакталышы керек.

62. Банкта КР мыйзамдарынын, КРУБдун ченемдик укуктук актыларынын талаптарынын корголушун камсыздоочу, кызыкчылыктардын кагылышынын алдын алуучу, аффилирленген жана Банк менен байланышы бар жактар, Банк Башкармасынын мүчөлөрү, ДК, башка кызмат адамдары, олуттуу катышуучулар, ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн адамдар менен байланышы бар кайсы болбосун жеке адамдар менен жүргүзүлчү операцияларды регламенттей турган механизмдер иштелип чыккан.

## 11. Банктын туруктуу өнүгүүсү

63. Экологиялык жана социалдык менеджмент (Ecological Social Management System)

корпоративдик башкаруунун жалпы системасынын бир бөлүгү болуп саналып, бизнес жүргүзүү процессинде экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди тескөө боюнча мыкты тажрыйбалардын ырааттуу түрдө ишке ашырылышын камсыздаган жол-жоболордун жана тажрыйбалык иш-чаралардын комплекси болуп саналат.

64. Банк узак мөөнөттүү перспективада өзүнүн наркынын өсүүсүнө умтулат, ошол эле учурда узак мөөнөттүү мезгилге өзүнүн экономикалык, экологиялык жана социалдык максаттарынын шайкеш болушун, ошондой эле Банктын кызыкчылыктары менен кызыкдар адамдардын балансынын сакталышын камсыздайт.

65. Банктын туруктуу өнүгүү жаатындагы ишмердиги ачыктык, отчет берүүчүлүк, этикалык алып жүрүүчүлүк, кызыкдар тараптардын кызыкчылыктарын сыйлоо, мыйзамдуулук, адамдардын укуктарын коргоо, коррупцияга келишес мамиле кылуу, кызыкчылыктардын кагылышын болтурбоо принциптерине ылайык жүргүзүлөт.

66. ДК жана Банк Башкармалыгы туруктуу өнүгүү жана аны ишке киргизүү жаатында тиешелүү түрдөгү саясаттын жана системанын түзүлүшүн камсыздайт. Банктын бардык кызматкерлери жана кызмат адамдары бадык деңгээлде туруктуу өнүгүүгө өздөрүнүн салымдарын кошуулары керек.

67. ДК Банкта корпоративдик, экологиялык жана социалдык башкаруу (ESG) системасын түзүү үчүн жооптуу болуп саналат.

68. Банк кызыкдар жактар үчүн өзүнүн ишмердигинин ачык жана түшүнүктүү болуусун камсыздоо максатында туруктуу өнүгүү жаатындагы маалыматтарды жыл сайын ачыктап турат, ошол эле учурда кызматтык, коммерциялык жана мыйзам аркылуу корголгон башка сырдын корголушу эске алынат.

69. Банк өнөктөштөр жана кардарлар туруктуу өнүгүү принциптеринин колдонулушун жактайт жана ага көмөк көрсөтөт.

## 12. Корутунду жоболор

70. Банктын бардык кызмат адамдары жана кызматкерлери ушул Кодекстин ченемдерин аткарууга милдеттүү.

71. Ушул Кодекс актуалдуулугу боюнча бир жылда кеминде бир жолу, ошондой эле КР мыйзамдары корпоративдик башкарууга олуттуу таасир тийгизгендей жана/же өзгөртүүлөрдүн киргизилишин талап кылгандай өзгөргөн учурда кайра каралат.

72. Ушул Кодекс Банктын Башкармасы жана ДК тарабынан макулдашылып, Банктын акционерлеринин жалпы жыйынында бекитилет.

73. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын өзгөүүсүнүн натыйжасында ушул Кодекстин кээ бир жоболору ага каршы келип калган учурда, Кодекске өзгөртүү киргизилгенге чейин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын жетекчиликке алуу керек.